М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы тарбия иштери боюнча анализи

Мектеп негизинен 1939-жылы негизделип ,ошол жылы ишке киргизилген.Азыркы күндө 742 окуучу окуйт.26 класс комплект.Окуу эки сменде окутулат.Мектептин негизги максаты: элдик педагогиканы колдонуу менен окуучуларды тарбиялоо аны ишке ашыруу.

Мектепте 45 мугалим эмгектенет. Билим берүүнүн мыктылары -5 .Пед кадрдагы муктаждык -5 .742 окуучунун ичинен мыктылары- 106 ,окуунун жакшылары- 144 ,билим сапаты 39,1 % Мектепте Өзгөчө күбөлүк,артыкчылык аттестат алгандар болгон жок.Эмгек тартиби сакталды,мугалимдер жааматы жоопкерчилик менен жумуштарын так аткарышты:

Жыл башында тарбиялык журнал толтуруу боюнча ар бир мугалим көрсөтмө менен таанышып чыкты :ар бир класска класс жетекчилер шайланды. Окуу жылы башталары менен кыргыз тили майрамы өтүлдү. Мамлекеттик тилдин бир айлыгы талаптагыдай өттү.Мугалимдер заманбап мезгилине ылайык жаңы түзүлгөн сабактын структурасына талкуу жүргүзүп ,технологиялык карта менен жазылган мерчемди пайдаланып ,сабак өтүп жатышты.Ар бир класс жетекчи жыл бою өзүнүн класстарына тарбиялык ачык сабактарды, тегерек стол ,диспут ,заманбап сабактарды өтүштү.Жыл башында класс жетекчилер өздөрүнүн жыл ичи өтүлүүчү тарбиялык сааттардын жылдык пландарды түзүп алып ,ошол боюнча иш алып барылды.Жыл башында ар бир класс жетекчи ата-энелер комитетинин башчыларын,класс активистерин шайлап ,жыл бою ошолор иш алып барышты.Сентябрь айынын 10-сентябрда мектеп президентин ,спикерди ар бир сектор башчыларын шайлап ошолор менен тыгыз байланышта болуп ошолор иш жүргүзүштү жыл бою.Ата-энелер менен үч тараптуу келишим түзүлдү. Жыл башында өрт коопсуздугу боюнча бурчтар уюштурулду,өрт өчүрүүчүлөр тобу түзүлдү. Жолдо жүрүү эрежелери боюнча ИДН кызматкерлери келип башталгыч класстардын окуучуларына түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү,ар бир кабинет башчылары жолдо жүрүү эрежелери боюнча бурчтарды уюштуруп ,макет жасап коюшту.

Шамшиева Зуура -Математика мугалими.Эмгек стажы--

5-б классынын класс жетекчиси Шамшиева Зуура математика мугалими 11-октябрь күнү “Адам эмгеги менен даңктуу” деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Сабакты турмуш менен байланыштырып ,кызыктуу өттү.Кыргыз тилин майрамын өткөрүүдө иш мерчем боюнча өткөрүлүүчү иш чаралардын баарын талаптагыдай аткарды.”23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнү”кече өткөрдү.,дубал газета чыгарды.3 айлыктын программасын түзүп ,аны аткарууга активдүү катышты.23-сентябрь –мамлекеттик тил кунүнө карата 5-11-класстардын арасында “Тилим менин жан дилим” деген темада жалпы мектептик иш чара өткөрүлдү.Жаңы жыл арча майрамына карата кабинеттин жасалгалады.9-май жеңиш кунүнө карата видео ролик жасады.

Сунуш:Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштөө керек.

Тарых мугалими 6-а классынын класс жетекчиси Дуйшоева Букатча,Эмгек стажы - 11 жыл .”Таза колдор жашообузду узартат” деген темада ачык тарбиялык саат өтүү.Сабак эң жакшы деп бааланды.Мугалим тема боюнча матералдарды ото көп топтогон,окуучуларга жеткиликтүү кылып жеткирип бере алды .Декабрь айында 8-11-класстар арасында “Билерман

ордо" сынагын өткөрдү.Мектептеги ар дайым өткөрүлүүчү ишембиликтерге активдүү катышты классы менен.

Сунуш :усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштөө керек.

Сатарова Замира :математика сабагынын мугалими усулдук бирикменин жетекчиси.Эмгек стажы -16 жыл13-декабрда 8-в классына "Чыңгыз Айтматов дүйнө жазуучусу" деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Сабак эң жакшы деңгээлде өттү,мугалим сабакка мыкты даярданган ,сабагы көргөзмөлүү,иновациялык методу колдонуу менен өтүлдү.Декабрь айында 5-11-класстар арасында администрация мүчөлөрү катышып текшерүү иши алынды жана анализденди.Январь айында математика сабагы боюнча декада өткөрүлдү.Сабакты ар кандай иновациялык ыкмаларды колдонуу менен жогорку деңгээлде өтөт.Математика сабагына аралыктан окутууда окуучулар активдүү катышышты

Сатарова Замира –тажырыйбасы жайылтылган үлгүлүү мугалим .

Ташева Нуркан 4-а класстын класс жетекчиси билим берүүнүн мыктысы ."Эмгек стажы-46 жыл."Мен жаратылышты сүйөмүн" деген темада ачык тарбиялык саат өттү.сабагы жогорку деңгээлде уюштурулган.Ар бир даталуу күндөргө 23-сентябрга,"Мамлекеттик тил кунунө","Күз майрамына ","Жаңы жылга","" !-февраль Эне тил кунунө",карата иш чараларга катышты.Мисалы:"Күн тартиби","Мерсико","Окуу керемет" долборлору менен онлайн конференцияга катышып ,тема боюнча презинтацияга катышып жатты.Кабинеттинде окуу борборун уюштурду.Балдардын окуган китептери боюнча бурч түздү.24-апрель китеп куну боюнча видео ролик жасады.

Ташева Нуркан –тажырыйбасы жайылтылган үлгулүү мугалим.

Маматалиева Максуда орус тили мугалими 8-а классынын класс жетекчиси.Эмгек стажы 23 жыл. Февраль айында "Ооган согушу айыкпас жара" деген темада ачык тарбиялык саат өтүү.Сабагы эң жогорку деңгээлде өттү.Сабакка Ооган согушунун катышуучуларын Кебеков Турат,Дыйканов Муктар,Саланов Сейдалы , Мурзаев Жакып ,Бөрүбаев Абдисаматтарды чакырып эстеликке сүреттөргө түшуп.Концерттик программа коюп ,окуучулар өз колдору менен жасаган белектерди беришти.Февраль айында 5-11-класстар арасында администрация мүчөлөрү катышып жат жазуу алынды жана анализденди.Орус тили жана адабият сабагынан декада өткөрдү М:Көркөм айтуучулар сынагын өткөрдү.Сабакты ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонуу менен өтөт.Орус тилин аралыкта окутууда окуучулары сабакка активдүү катышышты.Окуткан окуучусу шаардык олимпиададан орус тили жана адабият сабагынан 3-байгелүү орунду ээлеген.

Маматалиева Максуда –өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеген тажырыйбалуу мугалим.

Сагынбаева Калыйма-башталгыч классынын усулдук бирикмесинин жетекчиси.Эмгек стажы-34 жыл.Мугалим бардык предметтик сабактарын жогорку деңгээлде өтөт."Гриптен сактан " деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Сабак көргөзмөлүү,жеткиликтүү болду.Окуучулардын

логикалык ой жүгүртүүсүнө,өз түшүнүгүн жакшы айтып берүүсүнө көңүл бөлөт.Сабактарды көрсөтмөлүү,жаңы инновациялык ыкмаларды пайдаланып окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатат.Декабрь айында "Эки орундуу сандарды кошуу жана кемитүү"деген темада ачык сабак өттү.Башталгыч класстардын декадасында "Математика турмушта" деген темада класстан тышкаркы иш өттү.Аралыктан окутуу мезгилинде ар кандай видео сабактарды,видео роликтерди көрсөтүү менен өзүнүн чыгармачылык устаттыгын көрсөтө алды.

Сагынбаева Калыйма-тажырыйбасы жайылтылган ,мектепте үлгүлүү мугалим.

Имарова Гулнара-башталгыч классынын мугалими .Эмгек стажы 20-жыл.Мугалимдин негизги максаты:Окуучуларды сабаттуулукка үйрөтүү менен адептүүлүккө тарбиялоо жана ойлоосун өстүрүү."5-май конституция күнү"деген темада ачык тарбиялык саат өттү.Окуучулар сабакта закондор ,статиялар боюнча түшүнүк алышты.Тажырыйбалуу мугалим ,ар бир сабагында жаңы инновациялык методдорду колдонуу менен окуучуларга терең билим берип келүүдө.Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин кеңешмесинде "Билим үчүн азык", долбоорунун ыкмаларын колдонуу боюнча бир нече баяндама окуду."Булбул жана жылан" деген темада предметтик сабакты эң жакшы деңгээлде өтө алды.."1-июнь Балдарды коргоо күнүнө карата сүрөт сынагына активдүү катышты."Окуу керемет" долборунун ар түрдүү иш чараларына активдүү катышты.Сабактарын дайыма көрсөтмөлүү,видео роликтер менен өткөрөт.Гулнара "Жыл мугалими " сынагына катышып байгелүү орунду ээлеп ,баалуу белектер,грамота менен сыйланган

Имарова Гулнара-өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеген тажырыйбалуу мугалим.

Окуучулар арасында экстремистик идеологияны алдын алуу максатында "Спортчу атам жана мен"спорттук мелдеш өткөрүлдү.Мелдеш 3-а,3-б класстарынын ортосунда болуп өттү.Мелдештин негизги максаты балдарды шамдагайлыкка,патриоттулкка,боорукерликке,тарбиялоо.Сынактын жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

1-орунга 3-а кл

2-орунга 3-б кл

"Менин таза мектебим" деген ураан менен ар жума сайын ишембиликтерди өткөрүлүп турулду.Жыл ичиндеги ар түрдүү иш чараларга активдүү катышкан ,өзүн үлгүлүү,адептүү алып жүргөн окуучулар аныкталды.Алар төмөнкү окуучулар болду.

1.Адептүү кыз номинациясы менен 10-а кл Буванова Гулсанам

2.Адептүү бала номинациясы менен 10-а кл Балтабаев Кутман

1-июнь балдарды коргоо күнүнө арналган асфалтка сүрөт тартуу сынагында мектептин сүрөт сабагына кызыккан окуучулары байгелүү орунду ээлеп мактоо грамотасы 1000 сом акчалай сыйлык менен сыйланды.9-июнь акыркы коңгуроо аземи өткөрүлүп ,шаардан депутаттар,сыйлуу коноктор,бутуруучулор келип катышты.Мектеп директору жыл ичинде ар түрдүү иш чарага катышкан мугалимдерди,окуучуларды грамоталар ,сыйлуу белектер менен куттуктады.

Тарбия бөлум башчысы Молдоболотова .А.Ж